**Базар-Коргон районун билим берүү бөлүмүнө караштуу №17 С.Далбаев атындагы гимназия мектебинин,ички жана тышкы инвестиция тартуу боюнча маалыматы.**

Инвестиция тартуу боюнча биздин мектеп бир топ жакшы иштерди аткарып жатат.

Акыркы үч жылдын ичинде **20миллион сомдон** ашык инвестиция тартууга жетиштик.

Тышкы инвестицияны тартууда албетте проект жазуудан башталат, бардык эле уюмдардын максаттары бир бирок жазуу стилдеринен гана айрымаланышат.

Проект жазууда анын **максатын** туура коюп,жеткиликтүү жазууга жетишүү керек.

Эң алгач аймактагы **инфраструктураны** толук сүрөтөө керек.Анан көйгөйдүн сүрөттөлүшүн чагылдырууда сиздин уюм катышууга ниет кылып жаткан кырдаалды жана көйгөйдү баяндоо керек.

**М**: Мектептин чатырын жаңылоо керек болсо , андагы кырдаалды сүрөттөө менен азыркы учурда чатырдан суу агып биринчиден санитардык абалды сүрөттөп, анан андан канча адамдын ден соолугуна зыян келип жатканын, ал тоскоолдуктан канча окуучунун толук кандуу билим алуусуна тоскоолдуктар жаралып жатканын баяндоо керек.

Андан соң **негизги себептерди** санап өтүү керек, акча каражатынын жетишсиздигинен чатырдын жаңыланбай жатышы, кызматкерлердин иштөөсүнө, окуучулардын билим алуусуна жана ден соолугуна тийгизген терс таасири, инвестиция тартууга мүмкүнчүлүк болбой жаткандыгы, жамгыр же кар көп жааганда чатырдын сынып түшүп кетүү коркунучу, бул адам өмүрүнө коркунуч алып келүүсүн толук баяндап жеткирүү керек.

Көйгөйдү чечүү үчүн болгон **ресурстарды** белгилөө, долбоор ишке ашса сиз эмнелерге жетише алышыңызды белгилеп долбоордун максатын айтуу керек.

Долбоордун максатына жетүү үчүн зарыл болгон кадамдарды баяндоо керек (мурда бул көйгөйдү чечүү үчүн кандай иштер аткарылган).

Аягында долбоордун техникалык бөлүгүн иштеп чыгуу жана смета түзүү керек.

Мына ушул сыяктуу долбоорлорду жазуу менен биз, бир топ уюмдар мене иш алып бардык.

Эң алгач **МЕРСИКО** менен иштеп мектепти толук мебель менен жабдыдык: 6-класс комплект стол стулдар,доска жана шкафтары менен.Ошол эле мезгилде ашканага стол, стул жана полкалар алынган.

**ЮНИСЕФ** уюму менен өтө чоң иш аткарылды: Мектептин бүткүл санитардык бөлүгү жаңыланды. Он эки очколуу кыздар жана балдар ажааткана лары,мугалимдер үчүн өзүнчө, инвалиддер үчүн өзүнчө.

Кыздар жана балдар үчүн өз-өзүнчө **умувальниктер** ичинде бардык шарттары менен курулду.

1957-жылдан бери турган эски мектептин **чатыры** толугу менен жаңыланды. Биринчи проектиге киргенде мектептин бир бөлүгү гана кирген кийин Япон гранты менен иш аткаруучуларга кайра-кайра кайрылып суранып жатып бүткүл бөлүгүн жаңылатууга жетиштик.

Мектептин терезелери толугу менен **72 штук терезе пласстикке** алмаштырылды.

**Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк прогаммасы** менен иштеп ашкана толук жабдылып азыркы күндө окуучулар ысык-тамак ичүүдө.

**КЛООП** уюму менен иштеп мектепке **Мультимедиялык борбор** ачууга жетиштик. Анда жаңылыктарды таркатып туруу компьютерлер атайын сайттары менен интернетке уланган.Жазуу үчун принтерлери сканерлери менен,микрафондор,ноутбук,планшеттери менен берилген.Азыркы күндө биздин окуучулар атайын окуудан өтүп журналист деген сертификаттарга ээ болуп биздин өрөөндөгү жаңылыктарды толук сеттерге жайылтууга жетишип жатышат.KIOOP.KJ. сайтын ачып окусаңыздар болот.

**ПРООН** уюму менен иштеп мектепке **Электрондук библиотека** орноттук. Азыркы учурда мугалимдер сабак өтүү үчүн керек боргон бардык каражаттарды ошол библиотекадан таап пайдаланып жатышкан учур. Ал жерге 3 миңден ашык китеп жүктөлгөн.

**ЮНИСЕФ** өрт өчүрүүчү толук шаймандар менен камсыздап, ар бир 25 м.кв.жерге бирден огнетушитель менен камсыз кылды.

Кол жуучу алты даана **умувальник** менен камсыз кылды.

Андан сырткары каникул мезгилдеринде аз-камсыз болгон үй-бүлөнүн балдары үчүн эс алуу **лагерлерин** уюштуруп турушат.

**Мектептин фондунун** эсебинен мектептин сыртын толук көчүрүп жиберип жаңылап 118 (бир жүз он сегиз миң) сомго шыбаттык.

**Ата-энелер** тарабынан демөөрчүлөр чыгып ар бир классты толугу менен жаңылап шыбап ремонттон өткөрүштү.

Мектепке 18х24 размериндеги заманбап **Спорт зал** 11млн. сомдук смета менен курулду.

Мектептин экинчи корпусун республикалык стимгранттын эсебинен 3,5 млн. сомго жылытуу системасын борбордоштурулган жылытуу системасына өткөрүп, терезелерин толугу менен пластик терезелерге алмаштырдык.

Могол айыл аймагынын эсебинен спорт зал үчүн толук инвентарларды алдык.

Ар бир класска ата-энелердин жардамы менен плазменный телевизор орнотулду.

Мектепте 30 точкага видеокамера орнотуган, точкалар ар бир класста коридордо жана мектептин айланасында орнотулган.

Көзөмөл кеңештин жардамы менен мектептин толук жарыктандыруусу заманбап лампаларга алмаштырылды жана ар бир кабинеттеги, корридордогу жасалгалар жаңыланды.

Агахан фондунан долбоор утуп мектепке “Окуу борборун” ачтык. Анда 4 компьютер, бир принтер, интерактивдүү жана магниттик доскалар орнотулуп, кабелдик интернетке туташтырылды.

Директор : Д.Омурзакова.